Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Буйрук №49
«29» 08 2022 ж

БЕКИТЕМ
Мектеп жетекчиси
Токтогулова У.А.
« » 2022

К.Абдыразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби-мекемесинин

алдын алуу кеңеши жөнүндө
ЖОБОСУ

1. **Жалпы түшүнүктөр.**

Алдын алуу кеңешинин укуктары жөнүндө, Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө 2005-жылдын 25-июнундагы №82 " Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын" негизинде түзүлөт. Иштин тапшырмасы жана мазмуну:

1.1 Алдын алуу кеңештин негизги милдеттери:

- Укук бузуулардын, кайдыгерликтин жана өспүрүмдөрдүн кылмыштарын алдын алуу
- Укуктун маданияттын жана мыйзамга баш ийген жүрүм-турумдун негиздерин калыптандыруу:
- Балдарды коргоо

1.2 Кеңештин мүчөлөрү мектептеги кылмыштуулуктун алдын алуу иш-чарасын тааныштырууга катышат;

1.3 Алдын алуу кеңеши коомдук башкаруу органы катары сунуштоо мүнөздөгү алдын алуу кеңештин курамы:

Мектеп администрациясынын өкүлдөрүнөн, мугалимдер жамаатынын мүчөлөрүнөн , ЖЖ0 инспекторлорунан, коомчулук өкүлдөрүнөн, ата-энелерден түзүлгөн комитет.

2. Кеңешинин түзүмү:

2.1 Кеңеш төраганы ачык добуш менен шайлайт.

2.2 Алдын алуу кеңеши:

—тартиби оор окуучулар менен иштөө боюнча үй-бүлө жана жашы жете элек балдардын укуктары, балдарды социалдык коргоо маселелерин чечет.

-тартиби начар окуучулар менен иштөө комиссиясы тартип, окуу процесин уюштуруу, жайкы мезгилде укук бузуулардын, карооосуздуктун жана өспүрүмдөрдүн укук бузууларынын алдын алуу маселелерин чечет

- Укуктук комиссия жөнгө салуучу зарыл документтерди иштеп чыгат, укук бузуулардын алдын алуу боюнча комиссиянын иши жана жашы жете электер арасындагы кылмыштар , алдын алуу кеңешинин комиссияларынын ишин координацияланат. Балдар иштери боюнча комиссия жана ЖЖ0 инспектору менен байланышта болот.

3. Кеңешинин ишин уюштуруу

3.1 Алдын алуу кеңеши, эреже боюнча, айына бир жолу, кезексиз жыйындарды өткөрөт.

3.2 Алдын алуу кеңеши жыйынында кабыл алынган жана билим берүү мекемесинин жетекчиси менен макулдашылган план боюнча иштейт.

3.3 Кеңешинин отурумдары, анын курамы, 6 дан кем эмес турган мүчөлөрү тарабынан

жүргүзүлөт.
Алдын алуу кеңеши учурдагы ишин уюштурат, жыйындарга материалдарды даярдайт, актуалдуу маселелерди ыкчам чечүүнү жүзөгө ашырат, кеңешинин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөйт, чечимдери сунуш берүүчү мүнөзгө ээ.

4. Алдын алуу кеңешинин жана анын мүчөлөрүнүн иш-милдеттери

4.1 Алдын алуу кеңеши төмөнкүлөргө укуктуу:

- Шалаакылык, укукту бузуу жана жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыш : Кеңештин жыйналыштарына чакыруу, жеке сүйлөшүү, жашы жете электерге жана жана ата энелерине же аларды алмаштырган адамдарга профилактикалык иш, укук бузууларды алдын алуу жана окуучулар арасындагы кылмыштар
- Мугалимдерден баланын окуу, жүрүм—турум, үй-бүлөдөгү тарбиялоодо ата-эненин ролу жөнүндө маалымат сурап алуу;
- Жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ЖЖ0 инспектору менен биргеликте рейддерди жүргүзүү;
- Укук бузуулардын алдын алуу боюнча иштер жөнүндө жалпы билим берүү мекемесинин окутуучулар жамаатын угуу.

4.2 Алдын алуу кенеш төмөнкүлөргө милдетүү:

- Кеңештин иши жөнүндө маалыматты мугалимдердин, ата-энелердин жана окуучулардын назарына жеткирүүгө.
- Зарылчылыкка жараша жогорку уюмдарга маалымат берүү.

5. Чоңдор үчүн;

5.1 Жабырлануучудан ачык же жеке кечирим суроого милдеттүү

- Мектеп ичиндеги иш кагаздарын жүргүзүүгө
- Мектеп администрациясына кайрылууга

А) Эскертүү киргизүү жөнүндө
Б) Сөгүш жарыялоо жөнүндө
В) Балдар иши боюнча комиссияга тапшыруу багыты боюнча
Г) ЖЖ0 инспекторуна кайрылуу

6. Чечимдердин аткарылышын контролдоонун формалары мектеп ичиндеги эсепте турган өспүрүмдөрдүн үй-бүлөсүнө сурамжылоо

7 Профилактика кеңешинин иштеринин номенклатурасы

- Билим берүү мекемеси
- Окуу жылына карата иш планы
- Жолугушуулардын протоколу
- Кылмышкерлерге баш ийүү
- Жеке көзөмөлдөө жана рейддер жөнүндө маалым каттар, отчеттор
- Сурамжылоо